**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ**

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

**ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

**ЧЕЧИМ №** 39/1

2021-ж. 14 -июлу　　　　　　　　　　　　Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы: Аттокуров У.Т.
Ош АШКнын катчысы Ысмайилова Б. А.

мүчөлөрү : Айтбаева Ж.С., Шаванов Т.К., Жумабаев Т.Ы., Эрмеков К.К., Эркинов А.Ч., Зарипбек уулу Б., Ахматова Г.К., Мусаев М.О., Маматов К.Т.

1. **"Клооп Медиа" коомдук фондунун даттануусу боюнча.**

**Угулду. Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров –** Урматтуу Ош АШКнын мүчөлөрү, 2021-жылдын жылдын 11-июлунда болуп өткөн Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктары боюнча протоколдорду толтурууда кетирилген кемчиликтер боюнча Клооп Медиа коомдук фондунан даттануу келип түшкөн. Даттанууда №5312, №5325, №5311, №5310 шайлоо участокторунун протоколдоруну сайтта туура эмес маалыматтары болгондуктары жөнүндө белгиленген. Ош аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан документтерди кабыл алуу учурунда туура эмес толтурулган протоколдор аныкталган жана шайлоо участоктору тарабынан туура толтурулуп, жыйынды таблицаларга туура маалыматтар киргизилген.

Жогорудагы кемчиликтерди эске алып, №5312, №5325, №5311, №5310 шайлоо участокторунун төрагаларына эскертүү берүү сунушу добушка коюлду.

**Макул -10**　　　　**Каршы -0**

Сунуш кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап чечим кылат:**

1. №5312, №5325, №5311, №5310 шайлоо участокторунун төрагаларына эскертүү берилсин.

2. Чечим аткаруу Ош аймактык шайлоо комиссясынын катчысы Б.Ысмайыловага милдеттендирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы**　　　　**Аттокуров У.Т.**

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы**　　　　**Ысмайылова Б. А.**